**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ФИНАНСЫ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК КЫЗМАТЫ**

**ГОСУДАРСТВЕННАЯ НАЛОГОВАЯ СЛУЖБА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ФИНАНСОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

22.04.2024г № 123

г. Бишкек

## 2024-жылдын I кварталына мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы жана 2024-жылдын II кварталына карата негизги милдеттер тууралуу

2024-жылдын I кварталына мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы жана 2024-жылдын II кварталына карата негизги милдеттер тууралуу маалыматты изилдеп, **буйрук кылам:**

1. Кирешелер боюнча башкармалыгынын "2024-жылдын I кварталына мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин аткарылышы жана 2024-жылдын II кварталына карата негизги милдеттер тууралуу" маалыматы эске алынсын.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматнын төраганын орун басарлары тейлөөчү участокторy боюнча кирешелер башкармалыгынын маалыматына ылайык 2024-жылдын I кварталындагы мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышын камсыз кылбаган аймактык салык органдарынын жетекчилеринин жоопкерчиликтерин карап чыгышсын.

3. Аймактык салык органдарынын начальниктери төмөнкүлөрдү камсыз кылышсын:

1) 2024-жылдын II кварталында мамлекеттик, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин болжолдук көрсөткүчтөрүнүн толук көлөмдө аткаруу;

2) мамлекеттик бюджеттин жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин кирешесине кошумча булактарды табуу боюнча ишти, анын ичинде контролдук иш-чаралардын жана аналитикалык иштердин сапатын жогорулатуу жолу менен;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык карызды өндүрүү боюнча ишти күчөтүү;

4) соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү ишкердик субъекттеринде электрондук товардык-транспорттук коштомо кагаздын жана электрондук эсеп-фактуранын болушун контролдоо, анын ичинде акциздик товарларды жүгүртүү чөйрөсүндөгү контролду күчөтүү;

5) жалпы салык режиминде салык төлөөчүлөргө жазып берилген электрондук эсеп-фактураны жана мындай салык төлөөчүлөр тарабынан кошумча нарк салыгы боюнча отчеттордун берилишин контролдоо боюнча ишти күчөтүү;

6) ишкердик субъекттеринин жана объекттеринин дислокациясынын электрондук картасындагы актуалдуу маалыматтарды колдоо;

7) ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден товарларды ташып келүүнү ишке ашыруучу чарбакер субъекттерден тиешелүү салыктарды өндүрүү боюнча таасирдүү чараларды кабыл алуу;

8) акциздик товарларды (алкоголь, тамеки, кант жана башка ароматтык заттар кошулган суу жана КММ) коштоочу документтерсиз өндүрүүгө, алып өтүүгө, сатууга жол бербөө;

9) мүлк салыгын башкаруу боюнча иштерди күчөтүү.

4. **2024-жылдын II кварталына карата негизги милдеттер болуп төмөнкүлөр аныкталсын:**

1) мамлекеттик, республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин болжолдук көрсөткүчтөрүн, салыктык жана салыктык эмес түшүүлөрдү жана Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун бюджетинин болжолдуу көрсөткүчтөрүн аткаруу;

2) салык жол-жоболорун толук фискалдаштыруу максатында "СМАРТ Салым" долбоорлорун ишке киргизүү жана модернизациялоо боюнча иштерди улантуу;

3) мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоонун кошумча булактарын аныктоо боюнча аналитикалык иштерди күчөтүү;

4) салык төлөөчүлөрдүн электрондук кызмат көрсөтүүлөрдү колдонуу чөйрөсүн кеңейтүү;

5) ЕАЭБ шарттарында кыйыр салыктарды толук жана өз убагында салыктык башкарууну камсыз кылуу;

6) салык жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздын суммаларынын келип түшүүсүнө контролду күчөтүү;

7) мүлк салыгын башкаруу боюнча ишти күчөтүү;

8) коррупцияга каршы чараларды күчөтүү жана салык кызматкерлеринин этика ченемдерин сактоосун камсыз кылуу.

5. Иш кагаздар менен камсыздоо жана контролдоо бөлүмү (А.Дж.Маматбекова) ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын борбордук аппаратынын түзүмдүк бөлүктөрүнө жана аймактык башкармалыктарына жеткирсин.

6. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын орун басарларына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.К. Абдувапов**